КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

Кызыл-Суу айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин
I чакырылышынын 12 -сессиясынын

ТОКТОМУ

“18” 12 2025-ж №136 **Кызыл-Суу айылы**

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган Молочная көчөсү №26а дарегиндеги 2-02-10-1001-4446 коду менен катталган 2955,1 чарчы метр жер тилкесин жөнүндө.

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган, Молочная көчөсү №26а дарегинде жайгашкан, 2-02-10-1001-4446 коду менен катталган, аянты 2955,1 чарчы метр жер тилкесине “Центр Ассафа” арабдар фонду тарабынан каржыланып курула турган, турмуш шарты оор, аз камсыз болгон жана турак жайга муктаж 100 үй-бүлө үчүн турак үйлөрдү куруу долбоорун ишке ашыруу максатында, Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишердин сунушун каралып чыгып, талкууланып, жергиликтүү кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ.

1. Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган, Молочная көчөсү №26а дарегиндеги, 2-02-10-1001-4446 коду менен катталган аянты 2955,1 чарчы метр жер тилкесин “Центр Ассафа” арабдар фонду менен каржыланып курула турган турмуш шарты оор, аз камсыз болгон турак үйгө муктаж 100 үй-бүлө үчүн турак үйлөрдү курууга жер тилкеси бөлүп берүүгө макулдук берилсин.

2.Курулган үйлөрдүн критерийлерин иштеп чыгууда, бөлүштүрүүдө жер бөлүп берген жергиликтүү кеңештин, айыл өкмөтүнүн сунуш пикирлери менен биргеликте бөлүштүрүлсүн.

3.Токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишерге тапшырылсын.

Төрайым **Г.Чыныбаева**